МУНАРЫМ

Сөзү: Зайырбек Ажыматовдуку
Обону: Түмөнбай Колдошовдуку
2015-жыл

Өрттөнүп жан дүйнөм ызага,
Өзүң деп тартамын убара,
Алыстап барасың ансайын,
Арзуумдун бийиги-мунара...

Чырагым, алтыным, эрмегим,
Чын дилден өзүңдү дегдедим.
Аалыдай боздоймун күн-түнү,
Муңдашым, Мунарым сен менин...

Кайдыгер жанымдан узаба,
Кайрымсыз кайгыга тушаба?
Муңумду шамалдай айдачы,
Сүйүүмдүн бийиги -мунара.

Сен болдуң жүрөктү туйлаткан,
Сен болдуң ырдаткан, ыйлаткан.
Бир гана жылмаю арнап кой,
Бир жанга өзүң деп ыр жазган...